**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Мамлекеттик инновациялык фонддун иш-милдеттерин жүктөө жөнүндө” токтомунун долбооруна**
**НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ**

**1. Максаттары жана милдеттери**

Ушул Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Мамлекеттик инновациялык фонддун иш-милдеттерин жүктөө жөнүндө” токтомунун долбоору Кыргыз Республикасында инновациялык ишти өнүктүрүү максатында, Кыргыз Республикасынын “Инновациялык иш жөнүндө” Мыйзамынын 20-беренесине, Кыргыз Республикасынын “Илим жөнүндө жана мамлекеттик илимий-техникалык саясаттын негиздери тууралуу” Мыйзамынын 31-беренесине, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17 беренелерине ылайык жана Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин 2019-жылдын 7-июнундагы №21-36 протоколдук кеңешмесин ишке ашыруу максатында иштелип чыккан.

**2. Баяндоо бөлүмү**

Кыргыз Республикасында инновациялык ишти өнүктүрүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Премьер-министринде өткөн Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин алдындагы Илим, инновациялар жана жаңы технологиялар боюнча кеңештин 2019-жылдын 7-июнундагы кеңешмесинин №21-36 протоколдук тапшырмаларын ишке ашыруу максатында аталган токтомдун долбоору даярдалды.

Азыркы күндө Кыргызстандын улуттук инновациялык системасы өнүгүүнүн башталгыч этабында жана анын көпчүлүк базалык түзүмдөрү жок же калыптануунун алгачкы этабында турат.

1999-жылы кабыл алынган “Инновациялык иш жөнүндө” Мыйзам ишкердик иш үчүн өбөлгө түзүүгө негиз салган, бул Кыргызстандын рыногунда жаңы продуктулардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн пайда болуусуна алып келди. Жогоруда аталган Мыйзам инновациялык иш процессинин негизги түшүнүктөрүн ишке ашыруу үчүн юридикалык негизди камсыздаган. Мындан сырткары “Инновациялык иш жөнүндө” Мыйзам улуттук инновациялык фондду түзүүнү инновацияларды мамлекеттик каржылоонун куралдарынын бири катары караштырат. Бирок Мыйзамдын бул жобосу ишке ашырылган эмес. Азыркы учурда Кыргызпатент тарабынан учурдагы жагдайларды эсепке алуу менен аталган Мыйзамды актуалдаштыруу боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 27-январындагы “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик инновациялык фонду жөнүндө” №28 токтомуна ылайык, Фондду каржылоо булактары болуп төмөнкүлөр эсептелген:

- илимди каржылоого республикалык бюджеттен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу илим жана интеллектуалдык менчик боюнча мамлекеттик агенствосуна бөлүнгөн жалпы каражаттардын 5 пайызы;

- ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана жарандардын, анын ичинде чет элдик юридикалык жана жеке жактардын ыктыярдуу төгүмдөрү;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган башка келип түшүүлөр.

Аталган “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик инновациялык фонду жөнүндө” токтом Кыргыз Республикасында инновациялык ишти өнүктүрүү максатында бекитилген.

Токтомдун долбоору менен Мамлекеттик инновациялык фонддун иш-милдеттерин Кыргызпатентке караштуу ИМ Мамфондуна жүктөө сунушталып жаткандыгына байланыштуу, жогоруда көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 27-январындагы № 28 “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик инновациялык фонду жөнүндө” токтомун (анын ичинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 30-июнундагы № 396 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” токтомунун редакциясында) күчүн жоготту деп таануу сунушталат.

“Инновациялык иш жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20 беренесине ылайык, республикада илим менен техниканын жетишкендиктерин өнүктүрүүнү жана пайдаланууну камсыздоо боюнча иш-чараларды каржылоо жана материалдык-техникалык колдоо үчүн мамлекет тарабынан илимий-техникалык ишти колдоого бөлүнгөн каражаттардын, юридикалык жана жеке жактардын төгүмдөрүнүн эсебинен Мамлекеттик инновациялык фонд түзүлөт.

Ошону менен бирге “Илим жөнүндө жана мамлекеттик илимий-техникалык саясаттын негиздери тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 31-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү илим жана техника чөйрөсүндө өз ишин ишке ашырган бардык жеке жана юридикалык жактарга бирдей шарттарды камсыздоо жолу менен инновациялык ишти мамлекеттик коргоого жана колдоого кепилдик берет.

Инновациялык өнүгүүнүн дүйнөлүк тажрыйбасы көрсөткөндөй индустриалдык өнүккөн өлкөлөрдө каржылоо жеке, ошондой эле мамлекеттик булактардан келип түшүүгө тийиш. Мамлекеттин катышуусу инвестициялык жана инновациялык ишти өнүктүрүүнүн ажыратылгыс бөлүгү болуп саналат. АКШда, Францияда жана бир катар башка өлкөлөрдө инновацияларды түзүүгө кеткен чыгымдардын 50 %ын мамлекеттик каржылоо түзөт. Алардын инновациялык ишти каржылоосу өзүнө субсидияларды, гранттарды, жеңилдетилген шарттарда насыяларды берүүнү камтыйт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 28-февралындагы № 126 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы жөнүндө Жобого ылайык, Кыргызпатент интеллектуалдык менчикти коргоо жана инновацияларды өнүктүрүү жаатындагы бирдиктүү мамлекетик саясатты камсыздоону ишке ашыруучу аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы болуп саналат.

Илимий-техникалык өнүктүрүүнү өбөлгөлөө, Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык потенциалын чыңдоо максатында 1998-жылы Кыргызпатентке караштуу Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду (мындан ары- Кыргызпатентке караштуу ИМ мамфонду) түзүлгөн.

Кыргызпатентке караштуу ИМ мамфондунун негизги милдеттери болуп, Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчик системасын жана инновациялык ишти өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү, укук ээлерине жана жогорку технологиялык продуктуларды иштеп чыгуучуларга келечектүү технологияларды жана продуктуларды илгерилетүүгө, интелектуалдык менчик объектилерин коммерциалаштырууга көмөк көрсөтүү, инновациялык долбоорлорду илгерилетүүгө көмөк көрсөтүү, интеллектуалдык менчик объектилеринин ички жана сырткы рыногуна мониторинг жүргүзүү, интеллектуалдык менчик объектилерин жана Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык менчик объектилерин жаратуу, жана салттуу билимдерин каттоо, укуктук коргоо берүү жана пайдалануу маселелери боюнча
кызыктар жактардын маалыматтуулугун жогорулатууга көмөк көрсөтүү, Кыргыз Республикасында ойлоп табуучулук, инновациялык жана чыгармачылык ишке колдоо көрсөтүү саналат.

Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасында инновациялык ишти өнүктүрүү максатында, Кыргыз Республикасынын “Инновациялык иш жөнүндө” Мыйзамынын 20-беренесине жана “Илим жөнүндө жана мамлекеттик илимий-техникалык саясаттын негиздери тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 31-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун долбору менен **Мамлекеттик инновациялык фонддун иш-милдеттерин Кыргызпатентке караштуу ИМ мамфондуна жүктөө**, ошону менен бирге инновациялык долбоорлорду каржылоо үчүн жыл сайын илимди каржылоого бөлүнгөн каражаттын жалпы көлөмүнүн 5%ын Кыргызпатентке караштуу ИМ мамфондуна бөлүү сунушталат.

Андан тышкары, Кыргызпатент экотутум жана инновациялар стартаптарын өнүктүрүүгө багыт алуу менен, инновациялык ишти өнүктүрүү боюнча ишти баштады. Бул максаттар үчүн Кыргызпатент БУУ ЕЭКтин колдоосу астында 2020-жылы биринчи инфратүзүмдүк долбоор катары Кыргызпатентке караштуу Мамлекеттик патенттик китепкананы заманбап коворкинг-мейкиндиги, конференц-залы жана балдар инновациялык лабораториясы бар көп функциялуу Инновациялык борборго трансформациялоону пландаштырган.

Сунушталган долбоор менен Мамлекеттик инновациялык фонддун иш-милдеттерин аталган фонддун штаттык санын, ошондой эле башка уюштуруу маселелерин өзгөртүүнү талап кылбаган Кыргызпатентке караштуу ИМ Мамфондуна жүктөө сунушталат.

“Кыргыз Республикасынын Патент мыйзамы” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасын илимий-техникалык өнүктүрүүнү өбөлгөлөө, интеллектуалдык мүмкүнчүлүгүн чыңдоо, техникалык жана көркөм

чыгармачылыкты өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү, ошондой эле өнөр жай менчик объектилерин жаратууга жана пайдаланууга өбөлгө түзүү максаттарында Кыргызпатенттин алдында Кыргыз Республикасынын Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду тузүлгөн. Кыргызпатенттин алдындагы ИМ Мамфонду өз ишин Кыргызпатент тарабынан бекитилген жобого ылайык ишке ашырат.

Бул токтом долбоору кабыл алынгандан кийин Кыргызпатент тарабынан Кыргызпатенттин алдындагы ИМ Мамфондунун жобосу ушул токтомго ылайык келтирилет.

**3. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, финансылык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык жана коррупциялык кесепеттердин божомолу**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ушул токтомунун долбоорун кабыл алуу социалдык, экономикалык, финансылык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык жана коррупциялык кесепеттерди алып келбейт.

**4. Коомдук талкулоонун жыйынтыктары боюнча маалымат**

"Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн аталган токтом долбоору коомдук талкуу үчүн 2019-жылдын 4-ноябрында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн сайтына жайгаштырылган. Эскертүүлөр жана сунуштар келип түшкөн жок.

**5. Долбоордун мыйзамдарга дал келүүсүн талдоо**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ушул токтомунун долбоору мыйзамдардын ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге карама-каршы келбейт.

**6. Кошумча каржылоонун зарылчылыгы жөнүндө маалымат**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ушул токтомунун долбоорун ишке ашыруу кошумча финансылык чыгымдарды талап кылбайт. Фондду каржылоо булактары болуп, илимди каржылоого бөлүнгөн жалпы каражаттын 5 %ы саналат.

**7. Жөнгө салуу таасирин талдоо жөнүндө маалымат**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ушул токтомунун долбоору ишкердик ишти жөнгө салууга багытталбагандыктан, жөнгө салуу таасирин талдоону талап кылбайт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Мамлекеттик инновациялык фонддун түзүү жөнүндө" токтомунун долбоорун кароого жөнөтөбүз.

**Кыргыз Республикасынын**
**Өкмөтүнө караштуу**
**Интеллектуалдык менчик**
**жана инновациялар мамлекеттик**
**кызматынын төрайымы Д. Молдошева**